КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ТАЛАС ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МЭРИЯ ГОРОДА ТАЛАС

БУЙРУК

_____ № _____ Талас шаары

Талас шаарынын сырткы көрүнүшүн тазалоо, көрктөндүрүү жана иретке келтирүү боюнча иш-чараларды өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27-беренесинин 16-пунктуна жана "Талас шаарынын мэриясынын Регламенти жөнүндө" №553 буйругуна ылайык, Талас шаарында тазалыкты жана тартипти камсыз кылуу, ошондой эле шаар көчөлөрүндөгү, көп кабаттуу үйлөрдүн короолорундагы, парк-сквердердеги жана менчигинин түрүнө карабастан мекеме, уюм, ишканалардагы жарнамалык баннерлерди иретке келтирүү тажрыйбасын калыптандыруу жана жайылтуу максатында **буйрук кылам:**

1. Талас шаарынын борбордук жана ички көчөлөрүндөгү Кыргыз Республикасынын "Жарнак жөнүндө" Мыйзамына ылайык келбеген жана шаардын эстетикалык көрүнүшүн бузган баннерлерди жана көрнөк-жарнактарды иретке келтирүү боюнча Талас шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан ар күнү тийиштүү иш-чаралар аткарылсын.

2. Жарнамалык баннерлерди жана көрнөк-жарнактарды иретке келтирүү иштерин жүргүзүү үчүн Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү боюнча муниципалдык ишканасынын жана "Талас жашыл чарба" муниципалдык ишканасынын жумушчулары ишке тартылып, керектелүүчү техникалар бөлүнүп берилсин.

2.1. Талас шаардык коомдук аймактык өз алдынча башкаруусу(квартальныйлар) тарабынан шаардын жашоочуларына жарнамалык баннерлерди жана көрнөк-

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

жарнактарды иретке келтирүү боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

2.2. Жогорудагы иш-чараларды өткөрүүдө муниципалдык ишканалар тарабынан техникалык коопсуздук эрежелери сакталсын.

3. Талас шаарынын ички иштер бөлүмү тарабынан башаламандыкка жол берилбей, коомдук тартипти сактоо иш-чаралары аткарылсын.

4. Аткарылган иш-чаралардын жыйынтыгы тууралуу Талас шаарынын мэриясынын экономика, финансы жана турак жай-коммуналдык чарба бөлүмүнө ай сайын маалымат берилип турсун.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Талас шаарынын мэринин орун басары А.Т.Көчөрбаевге жүктөлсүн.

Мэр **Н.Ч.Асылбеков**

Мэрдин орун басары А.Т.Көчөрбаев

Аппарат жетекчи А.М.Ибралиев

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН